**Кызыл-Кыя шаардык И. Абдрахманов атындагы №13 жалпы билим берүү орто мектебинин №5 педогогикалык кеңешмесинин протоколу**

15.06.2022. катышканы-35

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.4-чейректин жыйынтыгы

2.Усулдук бирикмелердин отчету

3.Ар түрдүү маслелер

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова Айзирек сөзгө чыгып, төмөнкүлөргө токтолду.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, мына быйылкы окуу жылын да аяктап алдык. Сиздерди 4-чейректин билим сапаты менен тааныштырып өтөйүн. Биз чейрек башында 705 окуучу менен баштап, чейрек аягында 663 окуучу менен бүтүрдүк. Анын ичинен келгени-58, кеткени-100.

| № | классы | Окуучунун саны | Эң жакшы | % | жакшы | % | орто | % | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1-класс | 117 | | | | | | | |
| 2 | 2-а класс | 23 | 5 | 22% | 4 | 18% | 14 | 61% | 39% |
| 3 | 2-б | 29 | 4 | 14% | 8 | 28% | 17 | 58% | 42% |
| 4 | 2-в | 31 | 4 | 13% | 14 | 45% | 13 | 42% | 58% |
| 5 | 2-г | 31 | 4 | 13% | 12 | 39% | 15 | 48% | 51% |
| 6 | 2-д | 25 | 3 | 12% | 11 | 44% | 11 | 44% | 56% |
| 7 | 3-а | 21 | 2 | 9% | 8 | 38% | 11 | 53% | 47% |
| 8 | 3-б | 29 | 5 | 17% | 10 | 34% | 14 | 49% | 51% |
| 9 | 3-в | 27 | 5 | 19% | 7 | 27% | 15 | 54% | 46% |
| 10 | 3-г | 25 | 1 | 4% | 10 | 40% | 14 | 56% | 44% |
| 11 | 3-д | 31 | 7 | 22% | 8 | 25% | 16 | 53% | 49% |
| 12 | 4-а | 21 | 3 | 14% | 8 | 38% | 10 | 48% | 52% |
| 13 | 4-б | 37 | 4 | 11% | 17 | 46% | 16 | 43% | 57% |
| 14 | 2-4-класс | 330 | 43 | 13% | 101 | 31% | 186 | 56% | 49% |
| 15 | 5-а | 22 | | | 5 | 22% | 17 | 77% | 22% |
| 16 | 5-б | 36 | 4 | 11% | 8 | 22% | 24 | 67% | 33% |
| 17 | 6-а | 22 | 2 | 9% | 3 | 14% | 17 | 77% | 23% |
| 18 | 6-б | 24 | | | 8 | 33% | 16 | 69% | 33% |
| 19 | 6-в | 24 | 3 | 13% | 6 | 25% | 15 | 62% | 38% |
| 20 | 7-а | 20 | | | 5 | 25% | 15 | 75% | 25% |
| 21 | 7-б | 31 | 5 | 16% | 7 | 23% | 19 | 61% | 39% |
| 22 | 8-а | 14 | 1 | 7% | 4 | 29% | 9 | 64% | 36% |
| 23 | 9-а | 25 | 2 | 8% | 6 | 24% | 17 | 68% | 32% |
| 24 | 5-9-класс | 216 | 17 | 8% | 52 | 24% | 147 | 68% | 31% |
| 25 | 2-9-класс | 546 | 60 | 11% | 153 | 28% | 333 | 61% | 40% |

Бул чейректе проценти төмөн 5-а класс, 6-а класс, 7-а класстар болду. Башталгыч класстардын билим сапаты 49%, чоң класстардыкы 31%ды түздү. Жогоруда аталган класстын жетекчилери балдардын ата-энелери менен сүйлөшүп, балдардын билимин жогорулатууну талап кыламын.

Жогорудагыларды угуп,талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1. 1-чейректин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Проценти төмөн болгон класстардын жетекчилери классы менен тыгыз иштешсин.

Экинчи маселе боюнча башталгыч класс усулдук бирикмесинин жетекчиси Шишманова Назиле сөзгө чыкты.

Угулду:

С 11 апреля по 15 апреля 2021-22 года в начальных классах проводилась неделя начальных классов. Неделя проводилась под девизом «Знание существует для того, чтобы его распространять».

**Конкурсные программы:**

В понедельник был объявлен план недели ребятам на линейки, конкурс «часы своими руками», Олимпиада по русскому яз. и математике и т.д.

Обучающимся был предложен конкурсы, олимпиады, творческие задания. Школьники очень ответственно подошли к выполнению этого задания.

Во вторник был самый творческий день недели, т.к. обучающиеся выполняли творческую работу на тему ««космос глазами детей». При изготовлении были использованы не только бумага и картон, но и пакеты, крупы, салфетки и т.д.

В среду прошли Олимпиады среди 2б-2в-2г-2д. кл. по математике

В четверг – прошли Олимпиады среди 3б-3в-3г-3д. кл. по русскому яз.

В этот же день прошла театральная инсценировка сказки « Колобок» показал 1а класс. Викторина по чтению. Конкурс «Чистая планета» 4б класс

И вот наступил последний день – день закрытия недели. В каждом классе была проведена своя конкурсная программа. Ребята отгадывали загадки, ребусы, и многое другое. В этот день были подведены итоги олимпиады. При проверке учитывались правильные ответы, грамотность, и т.д.

**Победители олимпиады стали:**

**по математике**

1место Жапаралиев С. 2в

1место Орозбаев У. 2д

2место Садирова Я. 2г

2место Идирисбекова Р. 2б

**по русскому яз.**

1место Рустамова Х. 3б

2место Шакирова А. 3г

3место Бектемирова А. 3д

Всем участникам вручены памятные грамоты и подарками.

Таким образом, в течение Недели было проведено много интересных, содержательных конкурсов. Все мероприятия были направлены на то, чтобы заинтересовать обучающихся разными заданиями и предметами, выявить одарённых детей для участия в конкурсе исследовательских работ и конкурсах.

В мае провели внеклассные мероприятие в 1классах «Прощай азбука», в 4х классах «Прощание с начальной школой».

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жетекчиси Жумаева Асылкан сөзгө чыкты.

Угулду:

Биздин усулдук бирикмеде 4-чейрек ичинде төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды. Биздин план боюнча 5-6-класстарда кыргыз тили жана адабияты сабактарын административдүү текшерүү болду. Аны окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова Айзирек алып барды. Текшерүү убагында бир кыргыз тил жана тарых сабактарына катышты,айлампа дептерлерин карап чыкты. Адабият сабагынан 5-"а"класстын окуу ылдамдыгын текшерди.Натыйжада эң жогорку ылдамдык 115сөз,эң төмөнкү көрсөткүч 18 сөздү түздү,тамга тааныбаганы жок,бирок тамгаларды кошуп окуганда кыйналган окуучу да бар. Ал эми 5-б класстан нормага жеткен окуучулардын саны көп экендиги байкалды.Алардагы окуу ылдамдыгынын жогоркусу 200сөздү түзсө,төмөнкү көрсөткүчү 20 сөздүн тегерегинде болду. Ошондой эле апрель айында жумушчу дептерлердин,күндөлүктөрдүн абалы текшерилди. Текшерүүнүн жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

5-"а"класс 22 окуучу, мугалими: Жумаева Асылкан, билими жогорку, стажы -17 жыл. Балдардын баарында айланма дептерлери бар. Жумушчу дептерлери; кыргыз тилинен №1, №2 дептер, жат жазуу, дилбаян дептерлери каралып чыкты. Дептерлердин сыртында мектептин толук дареги жазылган, кээ бирөөлөрүнүн абалы начар, окуучу таза кармаган эмес. Мугалим тарабынан текшерилип, дептерлер алмаштырылып турат.

5-б класс 36 окуучу, кыргыз тили мугалими Жумаева Асылкан, Маматисман кызы Айзирек. Айзирек эжекенин билими жогору, стажы бир жыл. Балдардын айланма дептерлери толук эмес, кээ бир окуучулардын дептери жок келишкен. Мугалим тарабынан текшерилип баалар коюлган.

6-а класс 22 окуучу,окуткан мугалими: Маматисман кызы Айзирек, билими жогорку, эмгек стажы биринчи жыл. Балдардын айлампа дептерлери толук, сыртынын абалы жакшы, эжекенин көзөмөлгө алып тургандыгы байкалып турат.

6-б класс 24 окуучу,окуткан мугалими: Жумаева Асылкан. Балдардын айлампа, жат жазуу дептерлери толук, дилбаян дептерлери толук эмес, себеби балдар жазма ишин толук жазып берген эмес. Дептерлердин абалы башка класстарга салыштырмалуу жакшы эмес.

6-в класс 26 окуучу, кыргыз тили жана адабияты сабагынан Жумаева Асылкан эжеке билим берет. Эмгек стажы 17жыл, билими жогорку. Балдардын бардык жумушчу дептерлери толук, абалы башка класстарга салыштырмалуу жакшы.

7-а класс 20 окуучу, мугалими: Кыпчакова Аширкан. Бул класстын балдарында айланма дептерлери толугу менен ачылган, бирок текшерүү убагында кээ бир окуучулар дептери жок келишкен.

7-б класс 31 окуучу,окуткан мугалимдери: Кыпчакова А., Жумаева А. Балдардын айланма, жат жазуу, дилбаян дептерлери бар. Бирок кээ бир окуучулардын дептерлеринин абалы начар.

8-класс 15 окуучу,мугалими: Маматисман кызы Айзирек.Бул класстын дептерлерин текшергенде балдардын айланма дептер, жат жазуу дептерлери бар, дилбаян дептерлери жок экендиги байкалды.

9-класс 24 окуучу, мугалими: Сайпидинова Уринса Мамажановна. Окуучулардын жумушчу дептерлери толук, сыртында толук дарек жазылган, мугалим тарабынан текшерилип турат, абалы жакшы.

Ушул эле айда биздин усулдук бирикмеден кыргыз тили жана адабияты предметинин окутуучусу Кыпчакова Аширкан Төлөновна кыргыз тиили сабагынан "Байламталар" деген темада 13-апрель күнү шаардык деңгээлде ачык сабак өтүп берди. Сабакка беш мектептен мугалимдер келип катышышты. Атап айтканда №5 мектептен Ахмадалиева М.,Исакова М.,№12 мектептен Сапарова Г.,№7 мектептен ЖусуповаЧ.,Каратаева Э.,№6 мектептен Аманбаева Б., №9 мектептен Маразыкова А., №13 мектептен Сайпидинова, Жумаева, Орозбек кызы Нурила, Давляева, Мурзакулова, Маматисман кызы Айзирек эжекелер катышышты.

Сабактын темасы: "Байламталар", классы-7-а класс катышканы-21 окуучу, мугалими: Кыпчакова А., билими жогору, стажы 12 жыл. Сабак өтө кызыктуу, көрсөтмөлүү болуп, жаңы усулдар менен жогорку деңгээлде өттү. Окуучулар кызыгуу менен активдүү катышышты. Сабак боюнча келген меймандар жылуу пикирлерин билдирип, сунуштарын айтышты.

Ал эми май айында 5-класска Жумаева Асылкан "Келер чак"деген темада ачык сабак өттү. Бул сабак план боюнча март айында өтүлүш керек эле, айрым себептер менен май айында өткөрүлдү. Сабакка балдар кызыгуу менен активдүү катышышты.

Ушул эле айда көчүрүү, бүтүрүү сынактарына катышуу планда көрсөтүлгөн. Бул жылы көчүрүү сынагы болгон жок, ал эми бүтүрүү сынагы кыргыз тили жана адабияты предметинен 9-класска 14-июн күнү болуп өттү.

Экзаменатор: Сайпидинова Уринса Мамажановна, ассистент Жумаева Асылкан Жоргоевна болду. Экзамен жазуу иши менен жүргүзүлдү. Тактап айтканда, балдар дилбаяндын элементтерин камтыган баяндама жазышты. Анын темасы - "Айылга кат". Ал эми тарых сабагынан 20-июнда экзамен оозеки түрүндө алынды. Мында экзаменатор Туманов Куштар, ассистент Сайпидинова Уринса эжеке болду. Биздин усулдук бирикменин бүтүрүү экзамендеринин жыйынтыгы төмөнкүчө:

| № | **Предмети** | **Классы** | **Окуучулардан саны** | **Бааланган окуучулардын саны** | **«5»** | **«4»** | **«3»** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз тили жана адабияты | 9 | 25 | 25 | 3 | 11 | 11 |
| 2. | Кыргызстан тарыхы | 9 | 25 | 25 | 4 | 11 | 10 |

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жылдык иш планы боюнча бардык иш-чаралар аткарылды.

Гуманитардык усулдук бирикменин жетекчиси Каратаева Айпери сөзгө чыкты.

Угулду:

Усулдук бирикменин жыл башында түзүлгөн планы боюнча апрель айында орус тили жана англис тили предметтеринен айланма дептерлердин абалын текшерүү болгон.

Орус тилинен сабак берген мугалимдер.

| № | Аты-жөнү | билими | Сабак берген классы | Класстын саны |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Давляева Нуржамал | жогорку | 1-а класс | 22 окуучу |
| | | | 2-а класс | 23 окуучу |
| | | | 3-а класс | 21 окуучу |
| | | | 4-а класс | 22 окуучу |
| | | | 5-б класс | 36 окуучу |
| | | | 7-б класс | 31 окуучу |
| 2. | Мурзалиева Зарипа | жогорку | 5-а класс | 22 окуучу |
| | | | 6-а класс | 23 окуучу |
| | | | 6-б класс | 24 окуучу |
| | | | 6-в класс | 26 окуучу |
| | | | 7-а класс | 20 окуучу |
| | | | 8-класс | 15 окуучу |
| | | | 9-класс | 24 окуучу |

Жалпысынан дептерлердин абалы орто. Сырткы даректери башталгыч класстардын кээ бириники толук жазылган эмес. 7-б класстан Мадалимов Исабектин дептери талапка жооп бербейт.

Англис тилинен сабак берген мугалимдер:

| № | Аты жөнү | билими | Сабак берген классы | Окуучунун саны |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кочонова Гулбарчын | жогору | 3-а класс | 21 окуучу |
| | | | 3-в класс | |
| | | | 5-а класс | 22 окуучу |
| | | | 7-а класс | |
| | | | 7-б-класс | 31 окуучу |
| | | | 8-класс | 15 окуучу |
| 2. | Каратаева Айпери | жогору | 3-б класс | |
| | | | 3-д класс | |
| | | | 3-г класс | |
| | | | 4-а класс | |
| | | | 4-б класс | |
| | | | 5-б класс | |
| | | | 6-а класс | 22 окуучу |
| | | | 6-б класс | |
| | | | 7-б класс | 31 окуучу |
| | | | 9-класс | 24 окуучу |
| 3. | Сейитбек кызы Гульзина | орто | 4-б класс | |
| | | | 5-б класс | 36 окуучу |

Жогорудагы аталган класстардын айланма дептерлеринин абалын текшерип чыгып, кээ бир окуучулардын үй тапшырмасы аткарбагандыгы, чоң класстын окуучуларында дептерлери жок экендиги байкалды. Сабак берген мугалимдерине эскертүү берилип, окуучулар жаңыдан дептер ачышты. Жалпысынан дептерлердин абалы канааттандыраарлык деп табылды.

Эстетикалык циклдар усулдук бирикмесинин жетекчиси Карабаева Раанагүл сөзгө чыкты.

Угулду:

Апрель айында мектеп айланасын тазалоо, арыктарды чабуу, өсүмдүктөрдү , гүл көчөттөрүн эгүү боюнча жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү. Ата-энелердин жардамы менен 20 түп арча көчөтү отургузулду. « Бир балага бир көчөт» акциясы өткөрүлүп, ар бир окуучу бирден көчөттөрдү алып келишти. Ошондой эле ар бир класс балондорду ала келип, топурак толтуруп, ичине гүлдөрдү эгишти. Класс жетекчилер жашылдандыруу иштерине активдүү катышышты.

Эстетикалык циклдар боюнча усулдук бирикмесинин жумалыгы март айындагы Нооруз майрамына карата өткөрүлгөн. Кол өнөрчүлүк боюнча окуучулардын чыгармачылык иштеринин көргөзмөсү коюлду. Дене тарбия мугалими Пазылов Арыстан улуттук спорттук оюндар боюнча мелдеш өткөрдү. Анда спорттук кийимдерди кийген балдар кол күрөш, таяк тартыш, тогуз коргоол оюндары боюнча күч сынашты. Музыкант жана организатор тарабынан Сармерден «Кыз-жигит» сынагы өткөрүлүп, жумалыктын өтүлүүчү пландары ишке ашырылды

1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата «Туура тамактануу- ден соолуктун булагы», деген темада асфальтка сүрөт тартуу боюнча шаардык сынак өткөрүлдү. Эшмамбетова Машхура эжеке тогуз окуучу менен катышып, окуучулардын идеясы менен мазмундуу сүрөт тартышты. Жыйынтыгында 500 сом сыйлыкка ээ болуп балдарга таттууларды алып берип сыйлады.

Табигый жана так илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси Токурова Наринса сөзгө чыкты.

Угулду:

«Табигый жана так илимдер» усулдук бирикмесинде 4-чейрек ичинде төмөнкүдөй иштер аткарылды.

2022-жылдын 11.04-15.04 күндөрүндө «Жашыл дүйнөгө саякат» темасында биология ,химия, география предметинен жумалык өткөрүлдү.

Жумалыктын максаты: окуучулардын билим сапатын жогорулатуу, табигый илимдерине кызыктыруу.

Жумалык төмөнкүдөй планда өткөрүлдү.

| № | Аткарылган иш чара | убактысы | классы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жумалыктын ачылышы | 11.04.2022 | 6-7-8-9класс | Токурова Н.<br>Туманов К. |
| 2 | «Жаратылышты коргойлу» темасында коргозмо | 12.04.2022 | 6-7-8-9класс | Токурова Н. |
| 3 | «Акыл ордо»суроо-жооп оюну | 13.04.2022 | 8-9 класс | Туманов К. |
| 4 | «Химия биздин турмушта» темасында логикалык суроо лордон түзүлгөн тесттик иш | 14.04.2022 | 8-9-класс | Токурова Н. |
| 5 | Кроссворд толтуруу | 15.04.2022 | 6-7 класс | Токурова Н. |

2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн пландын негизинде апрель айында космонавттар күнүн белгилөө иш чарасы өткөрүлдү. Бул иш-чара физика мугалими Мурзакулова Айзирек тарабынан төмөнкүдөй иш планда өткөрүлдү.

1 .«Космос» темасында маалымат берүү

2 «Косманавтика күнү» темасында сүрөт тартуу башталгыч класстардын окуучуларынын арасында өткөрүлдү.

Иш-чарага окуучулар кызыгуу менен катышышты.

2022-жылдын 16-20-май күнүндө «Математика-акыл ойдун гимнастикасы» деген темада математикалык жумалык өткөрүлдү.

Жумалык төмөнкүдөй иш пландын негизинде болду.

| № | Аткарылуучу иштер | мөөнөтү | класстар | жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Математика-акыл ойдун гимнастикасы» жумалыктын ачылышы | 16-май | 7-8-9класс | Боркобаева Г.<br>Орозбек к. Н. |
| 2 | «Жаратылыш математикалык тилде жазылган» табышмактар,макалдар | 17-май | 5-6-7-8-9класс | Боркобаева Г.<br>Орозбек к.Н. |
| 3 | «Эң мыкты дептерлер» конкурсу | 18-май | 5-6 класс | Боркобаева Г. |
| 4 | «Геометриялык фигуралар» темасын да көргөзмө уюштурулду | 19-май | 5-6-7-8-9класс | Боркобаева Г. |
| 5 | Жыйынтык | 20-май | 5-6-7-8-9класс | Боркобаева..Г<br>Орозбек к Н. |

«Табигый жана так илимдер» усулдук бирикмесинде 2021-2022-окуу жылынын 21-июнь күнү бүтүрүүчү 9-класс окуучуларына өз тандоолорунун негизинде география предметинен тандоо экзамени өткөрүлөт.

Экзамендин билеттери геграфия мугалимдери Туманов Куштар жана Токурова Наринса тарабынан 3 суроодон турган 26 билет түзүлдү.

Экзаменде экзаменатор-Туманов К.

Ассистент-Токурова Н.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

3. 1.Усулдук бирикмелердин берген маалыматы канааттандыраарлык деп табылсын.

2.Бирикмелердин иштерин көзөмөлдөө жагы усулдук кеңештин төрайымына жүктөлсүн.

Үчүнчү маселе боюнча мектептин окуу иштери боюнча директордун орун басары Маматисман к. Айзирек сөзгө чыкты.

Угулду:

Апрель айында мектеп айланасын тазалоо, арыктарды чабуу, өсүмдүктөрдү , гүл көчөттөрүн эгүү боюнча жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү. Ата-энелердин жардамы менен 20 түп арча көчөтү отургузулду. « Бир балага бир көчөт» акциясы өткөрүлүп, ар бир окуучу бирден көчөттөрдү алып келишти. Ошондой эле ар бир класс балондорду ала келип, топурак толтуруп, ичине гүлдөрдү эгишти. Класс жетекчилер жашылдандыруу иштерине активдүү катышышты.

19-апрель күнү " Жарандык коргонуу" күнү өткөрүлүп, тревогалык сигнал берилип, окуучулар сыртка чыгарылып, жаратылыштын кырсыктарынан кантип сактануу, биринчи жардам көрсөтүү боюнча маалыматтар берилди.

19-май күнү пионер уюмунун түзүлгөндүгүнө 100 жыл болгондугуна байланыштуу бир жумалык план түзүлүп, спорттук мелдештер " Биз биргебиз", " Пионер мекенди коргоочу!" сүрөт сынагы, " Пионер-баарына үлгү" дилбаян, Флешмоб " Пионер бийи" сынактары өткөрүлүп, 19-май күнү парад уюштурулуп, салтанаттту жыйын өткөрүлүп, сынактардын жеңүүчүлөрү грамоталар менен сыйланды.

1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата «Туура тамактануу- ден соолуктун булагы» ,- деген темада асфальтка сүрөт тартуу боюнча шаардык сынак өткөрүлдү. Эшмамбетова Машхура эжеке тогуз окуучу менен катышып, окуучулардын идеясы менен мазмундуу сүрөт тартышты. Жыйынтыгында 500 сом сыйлыкка ээ болуп балдарга таттууларды алып берип сыйлады.

"Аз кандуулуктун алдын алуу" жана "Мыкты азыктануу" боюнча 5-7-класстарга диктанттар жаздырылды.

9-июнь күнү " Акыркы коңгуроо" салтанатту аземи өткөрүлдү. Шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы Кулматова Талила Халмурзаевна келип катышты.

Жайкы каникул мезгилинде окуучулардын эс алуу учурунда коопсуздук эрежелери боюнча ата-энелер жана окуучулар менен келишим түзүлдү. Анда жол, суу, өрт, туура тамактануу жана кечинде көчөдө жүрбөөнү көзөмөлдөө боюнча шарттар каралган.

Мектептин соцпедагогу Карабаева Раанагүл жыл ичинде аткарган иштери боюнча маалымат берди.

Угулду:

1. Балдардын коопсуздугун камсыздоо, күмөндүү же тааныш эмес инсандарды мектепке киргизбөө боюнча жыл башында мектеп жамаатына директор тарабынан тапшырма берилди.

Балдарга карата ырайымсыз мамилелерде алардын коопсуздугун камсыздоо боюнча Алдын алуу Кеңеши түзүлүп, комиссиянын мүчөлөрүнө: соцпедагог, организатор, ата-энелер кеңешинин төрайымы, профсоюз уюмунун төрайымы, 9-а класстын класс жетекчиси шайланды.

Зордук зомбулуктун, рекетчиликтин алдын алуу боюнча ар бир класс жетекчи жыл башында тарбиялык сабактарды өттү. Ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп, ИДН кызматкери менен биргеликте класстарга тынымсыз рейд жүргүзүүнүн жана түшүндүрүү иштеринин натыйжасында зордук зомбулукка жана рекетчиликке кабылган окуучу байкалбады. 4-класстын окуучуларынан 7-класстын окуучусу Икрамов Билал акча алгандыгы билинип, атасы чакыртылып, баланын тартиби оң жолго салынды. Күмөн жараткан окуучулар менен жекече сүйлөшүп, көйгөйлөрүн аныктап, алдыга жакшы максаттарды коюп, ага жетүү боюнча аракеттенүү жөнүндө иштер алып барылды. Үйлөрүнө рейдге чыгып ата-энеси менен байланышып,мыйзам чегиндеги жоопкерчиликтер боюнча түшүндүргөн учурлар болду. Окуучулардан арызданган учурларда убагында ар бир окуучунун тартиби көзөмөлгө алынып, жараштырган учурлар көп эле кездешти. Мисалы 7 а жана 7 б класстын кыздарынын арасындагы чыр-чатак узакка созулуп, акырында кыздар жарашып дос болгонго жетишти.

2.Ишеним кутусуна түшкөн каттардагы наразылыктарды адилеттүү, калыс түрдө каралып, чечимдер чыгарылгандыктан талкуу жараткан иштер болгон жок.

3.Группа рискке 6-в классынын 2, 7-а класстын 1 окуучусу катталып, ал балдардын ата энеси жана өздөрү менен жекече иш алып барууда ИДН кызматкери,класс жетекчилер,мектеп администрациясы тыгыз байланышта болуп тартипке чакыруунун негизинде6-в классынын окуучусу Кызыралиев Алинурдун тартиби чектен чыккандыктан атасы мектептен алып кетти. 5-класстын окуучусу Бөрүбаев Алисафи менен 7-класстын окуучулары Юнусалиев Нурдавлят, Назаров Кутман урушуп кетип бири-бирине куч колдонуунун негизинде, Алисафи больницага жатып, жараштыруу иштери жургузулду. Жыйынтыгында уч окуучу тең милициянын учетко алынып, жыл ичинде көзөмөлгө алынды. Башка чечилбеген маселелер жыл ичинде жаралбады. Миграттардын балдарынын соц абалы орто болгондуктан өтө муктаж үй бүлөлөр такталып, жарым жетим балдарга окуу куралдары, кийим кечелер боюнча демөөрчүлөр тарабынан колдоо көрсөтүлдү.

4. а)“ Эрте турмуш куруунун кесепеттери”-деген тамада 7-9-класстарга семинар өтүлүп, анда эрте турмуш куруунун кесепетинен кыздардын ажырашуу жана өлүмгө дуушар болгон учурлары боюнча статистикалык маалыматтар берилди.

б) “Адепсиздик-кылмыш, кылмыштын акыры жаза” -деген темада 7-9-класстын балдарына ИДН кызматкери менен биргеликте зордук зомбулуктун, рекетчиликтин алдын алуу боюнча ноябрь айында семинар өткөрүлдү.

в) Декабрь айында жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу боюнча 6-9-класстардын ата-энелери жана окуучуларына семинар өтүлдү. Анда жугуштуу эмес оорулардан жылына өлгөн адамдардын саны 88% ды түзөт. Ага туура эмес тамактануу, физикалык кыймылдын аздыгы, алкоголдук жана спирттик ичимдиктерди ичкендиги негиз болоорлугу жөнүндө маалыматтар берилди.

г) Январь айында " Диний экстремизмдин алдын алуу" боюнча адеп башаты диний уюмунун мүчөсү Марсбек уулу Төлөнбек, Кызыл-Кыя ШИИБнун ЭММКА милициянын лейтенанты Абдыганы уулу Өмүрбек, ИДН кызматкери Мамытов Азамат 7-9-класстын окуучулары жана класс жетекчилери менен биргеликте адашып кээ бир уюмдарга кирип кетпөө жөнүндө түшүндүрмөлөрдү берген семинар өтүштү.

д) Февраль айында БББнүн башкы инспектору Дүйшөбаева Жыпар Мамасалиевна " Ийгилик формуласы" кино форуму боюнча 7-8-9-класстын окуучулары менен биргеликте семинар өткөрдү. Семинарлар ата-энелер жана окуучулар үчүн жеткиликтүү жана пайдалуу болду.

5. Класстык сааттар, тегерек столдорду уюштуруунун жана өтүүнүн негизинде окуучу менен ата-эненин ынтымагын бекемдөөгө салым коштук.

6. Рейддерге 6 жолу чыгып, сабак учурунда базарда,компьютер кааналарында отурбай, телефон жана интернетте узак отурууга чектөөлөрдү киргизип, сабактарды үзгүлтүккө учуратпай, түштөн кийин тапшырмаларын даярдануусу боюнча класс жетекчилерге кайрылуулар жасалды.

7. Биргелешкен рейддерге 4 жолу чыгып, мигранттардын балдарын аныктоого, инвалид, муктаж адамдар жөнүндө маалыматтарды топтоп, соц кызматкерлери менен биргеликте иш жүргүздүк.

9. Зордук зомбулуктун алдын алуу боюнча сынактарга катышпадык, бирок мектепте

1-этап " Атам,апам жана мен" 1-4-класстар арасында эстафеталык мелдеш

2-этап " Зордук зомбулуксуз үй бүлө" видеороликтин тартуу сынагы 5-8-класс

3-этап 9-класстын ата энелери менен балдарынын жүрүм-турумундагы абалдар боюнча ситуациялык суроолорго алынган жооптор талкууланды

10.Күбөлүгү жок окуучулар аныкталбады.

11.Суициддин алдын алуу максатында жашоосунда чечилбеген маселелери бар окуучулар менен жекече сүйлөшүүнүн негизинде алдыга карай жаңы,жакшы максаттар менен жашоого умтулуу боюнча мотивация берилди.Мектеп рэкети аныкталган учурда чара көрүлдү. Эрте нике кыюунун мыйзамдуу жоопкерчиликтери жана ден соолукка тийгизген терс кесепеттери боюнча окуучу кыздар толук маалыматтарга ээ болду.

12. Жайкы каникул мезгилинде окуучулардын эс алуу учурунда коопсуздук эрежелери боюнча ата-энелер жана окуучулар менен келишим түзүлдү. Анда жол, суу, өрт, туура тамактануу жана кечинде көчөдө жүрбөөнү көзөмөлдөө боюнча шарттар каралган.

Жарыш сөзгө мектеп директору Эрматов А.К. чыгып, төмөнкүлөргө токтолду.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, быйылкы окуу жылын да ийгиликтүү аяктап алдык. Эми мектеп ичинде ремонт иши бащталарын билесиздер. Ал үчүн боектор бөлүнүп берилди. Оңдоп түзөө иштери, бөлмөлөрдү иретке келтирүүнү 20-июнга чейин бүтүрүнүздөр. Мугалимдердин

эмгек өргүүсүнө чыгуу боюнча график чыгарылып илинди. Дем алууга чыкканга чейин бардык жумуштарды бүтүрүңүздөр.

Страхованиядан ар бир мугалим өтүп бүтүүсүн, ИСОУга кирбеген окуучуларды карап чыгып, каттоодон өткөрүлүүсүн катуу эскертти. Мектептин сайтына өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча сүрөттөр, мугалимдер боюнча маалыматтар жүктөлүп турушун да кошумчалады.

Жарыш сөзгө окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова Айзирек чыгып, төмөнкүлөрдү айтып төмөнкүлөрдү айтып өттү.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, журналдардын кемчиликтерин жазыңыздар, отпусканын графигин карап чыгып, эс алууга кеткенге чейин убагында келип, иштериңиздерди бүтүрүңүздөр. Быйылкы бүтүрүү сынагына катышуучу, жооптуу мугалимдер өз убагында

консултацияларды өтүңүздөр. График чыгарылып илинди, таанышып чыгыңыздар.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

3. 1.Организатор менен соцпедагогдун жасаган иштери канааттандыраарлык деп табылсын.
   2.Мектептин ремонт иши өзү убагында аткарылып, көзөмөлдөө жагы завхоз жана профсоюздун төрайымына жүктөлсүн.
   3. Бүтүрүү сынагы өз убагында өткөрүлсүн, көзөмөлдөө жагы ОББга жүктөлсүн.

Мектеп директору: Эрматов А.К.

Катчы: Жумаева А.Ж.